КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ

КАРА-ДАРЫЯ
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН

КАРА-ДАРЬИНСКИЙ
АЙЫЛ ОКМОТ

# БУЙРУК

"07" 08 2025-жыл. №126

Арал айылы

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын № 137 "2025-2030- жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгына ылайык:

1. Кара-Дарыя айыл өкмөт башчысынын орун басары –жооптуу катчысы З.Егембердиевге:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27- июнундагы № 547-т токтому жана аталган токтом менен бекитилген Коррупцияга каршы мамлекеттик саясатты ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо Тартиби (мындан ары - Тартип) кынтыксыз аткарууга алынсын;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2024-жылдын 24-июлундагы № 173-б буйругун аткаруу максатында кабыл алынган Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 31-июлундагы № 236-б "2025-2030-жылдарга Сузак районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" буйругу менен бекитилген иш-чараларынын планынын аткарылышы тууралуу маалыматтар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27-июнундагы № 547-т токтому менен бекитилген Тартиптин 1 жана 2-тиркемелерине ылайык белгиленген формада отчеттор берилсин:

1) квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 1нен кечиктирилбестен;

2) жыл сайын (жыйынды), отчеттук мезгилден кийинки жылдын 15- январынан кечиктирбестен.

2. Башчынын орун басары –жооптуу катчысы коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгуу жана аткаруу боюнча, ошондой эле коррупцияга каршы иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчетторду өз убагында жана сапаттуу берүү үчүн жоопкерчилик тартышат.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Башчы Т.Бобошев